**С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектебинин 2021-2022-окуу**

**жылындагы ата-энелер чогулушунун протоколу**

**Протокол № 5**

Баш-Карасуу айылы 05.10.2022-ж.

**УТБ жыйынтыктары боюнча маалымат берүү**

**Сүйлөгөндөр :**

Окуу жана тарбия иштеринин орун басары : Рыспаева Ч.К.

Урматтуу ата энелер ,сиздерди акыркы өтүлгөн УТБ менен тааныштырабыз.экрандан жыйынтыктар көрүнүп турат.9-класстын жыйынтыктары боюнча тааныштырып кетсем,7 окуучу тапшырды.Анын ичинен кыргыз тил сабагынан Нурдинова Айгерим «4»,Русланова Бегимай орус тил сабагынан «5» деген баага татыктуу болушту.Физика,химия,математика сабактарынан билим деңгээли төмөн экени көрүнүп турат.Бул баарыбыздын көйгөйүбүз,муну чечүү үчүн ар кандай жолдору бар.Биринчи чечүү жолу : предметтик мугалим ушундай тесттер менен көбүрөөк иштөөсү зарыл,экинчи жолу бул : окуучулардын ар биринде тест жыйнактары болуп,үйдөн да кошумча даярдык көрүп,кийинки УТБ тестирлөөсүнө катышканда алар сөзсүз түрдө даярдык менен барса,жакшы жыйынтык көрсөтө алышат.Сиздердин ой-пикирлериңиз кандай айта кетсениздер?

Ата-энелер : Медетова Айзада

Туура бул жерде баары көрүнүп турат,биздин да кемчилигибиз көрүнүп турат.Балдар окубай жатышат.Мугалимдердин дагы ушу балдарга тест боюнча азыраак берилип жатканын да көрүп турабыз.Эми балдардын билим сапатына баарыбыз кызыкдар болушубуз керек.Ошондуктан мен да завучтун айткан пикирине кошуламын,биз да үйдөн жардам берип,тестердин жыйнактарын алып берели.

Окуу жана тарбия иштеринин орун басары : Рыспаева Ч.К.

Ал үчүн силер балдарыңар кайсы предметке көбүрөөк кызыкдар экенин аныктап берсениздер.

Ата-энелер : Черикбаева Гүлянда

Туура баары эле бир предметти жакшы көрбөйт,ар ким өз балабыздын кызыккан предмети жөнүндө билип алып,тест жыйнактарын алып берели.

Урматтуу ата-энелер,анда келгиле УТБ боюнча чечим чыгаралы:

**Чечим:**

УТБ тестине максаттуу даярдануу ар бир предметтик мугалимдерге бекитилсин.Ата-энелер балдарынын кызыккан предметин аныктап,ошого байланыштуу тест жыйнактарын сатып берүү милдеттендирилсин.Кийинки тестин жыйынтыгын сөзсүз түрдө чогулуш өткөрүп,азыркы тест менен салыштырылуу чогулушу өткөрүлсүн.

Чогулуштун төрайымы : Рыспаева Ч.К.

Катчысы : Иманова Б.С.